• Валюта кеңеши, анын алгылыктуу жана алгылыксыз жактары

*Росен Николов: Финансы маселеси боюнча көз карандысыз эксперт*

# ВАЛЮТА КЕҢЕШИ, ПРОБЛЕМАЛУУ КРЕДИТТЕР КӨЙГӨЙҮН ЧЕЧЕ АЛБАЙТ

Валюта кеңеши иш ыргагы (режими) акча системасы болуп саналат жана анын шартында жергиликтүү валюта эл аралык резерв аркылуу 100% деңгээлинде колдоого алынып турууга тийиш. Ал эми акча алмашуу, узак убакыт бою ишенимдүү колдонулушу үчүн тиешелүү атайы мыйзам менен бекемделген, катталган алмашуу курсу боюнча ишке ашырылат. Ушунун өзү жергиликтүү валюта үчүн алтын стандарт. Бирок, жергиликтүү валюта милдеттүүтүрдө катталган чен боюнча локалдык рынокто эркин алмашылган резерв валютасы менен колдоого алынат.



Мен валюта кеңешин “макулдашуу” деп атаар элем, анткени бул механизм жергиликтүү валютаны түзүп, аны колдоого алуу үчүн каралган механизм. Коммерциялык банктар валюта рыногунда катталган баада резерв валютасын (доллар же евро) сата турган болсо, алар “жергиликтүү” акчаны түзүшү мүмкүн.

Бул Борбордук банктын акча саясатынын милдетине кирбейт, Борбордук банк валюталык жөнгө салуу режимин жүзөгө ашыра албай тургандыгынан улам, коммерциялык банктарды же Өкмөттү кайра каржылабайт, башкача айтканда ал, бюджет тартыштыгынжана банк тутуму үчүн акыркы инстанцияда каржылоону камсыз кыла албайт. Ошондуктан банктардын улуттук валютада ликвиддүүлүгү резервдик валютаны сатуу аркылуу гана камсыз кылынышы ыктымал. Валюта кеңеши финансы системасында кризистин орун алышы шартында акча сунушун тескөөдө жергиликтүү финансылык органдын иш алып баруусу үчүн көптөгөн чектөөлөргө жана тоскоолдуктарга дуушар болот.



***- Бул режим эмне үчүн көпчүлүк өлкөлөрдө колдонулууда?***

Негизинен, бул режим инфляцияга жана валюта кризисинен кийинки жагдайга турукташтыруучу таасир эткен фактор катары киргизилет. Ушул иш ыргагында (режим) бул – эң эле маанилүү жана тез натыйжа берген механизм.

Балтика боюндагы өлкөлөрдө валюта кеңеши режими Советтер Союзу ыдырагандан кийин экономика абалы начарлап, инфляция күчөп, жергиликтүү валютага ишеним кеткен учурда киргизилген.

Болгарияда жана Аргентинада бул режим гиперинфляция шартында киргизилген.

Болгарияда бул режим киргизилгенден кийин банктардын 30 пайызы Борбордук банк тарабынан кайра каржылоого тыюу салынышына байланыштуу, жоюлууга дуушар болгон. Албетте, ушунун бардыгы келип жергиликтүү финансылык органдарга жана жергиликтүү валютага ишенимдин кетишин шарттаган.

Ошондой болсо да, түпкүлүгүндө келип валюта жана инфляция үчүн түздөн-түз турукташтыруучу таасирге ээ болгон. Бул жергиликтүү валютаны катталган алмашуу курсу боюнча резервдик валютага алмашуу талабы менен камсыздалган. Ушунун өзү инфляцияга турукташтыруучүн таасир эткен.

Финансылык каатчылыктан чыгууга аракеттенип жаткан өлкөлөрдө жергиликтүү валютага ишенимдин жоктугу, долларлашуунун жогорку деңгээли же экономиканын еврого ыкташы сыяктуу башка көйгөйлөр орун алууда.

***- Валюта кеңеши экономикадагы мына ушундай көйгөйлөрдү чече алабы?***

Узак мөөнөткө алып караганда, алардын кандайдыр бөлүгүн гана чечиши мүмкүн. Алсак, валюта кеңешин киргизүүдө Болгария экономикасында өздүк жыйымдарды еврого айландыруу 80 пайызга жеткен. Ал жергиликтүү валютанын алмашуу курсунунбир нече жылдар аралыгында 1 АКШ доллары үчүн 66дан 3 000ге чейин өсүшү менен коштолгон гиперинфляцияга алып келген. Ошентип евро жана доллар түрүндө өздүк жыйымдарды 50%га чейин төмөндөтүү үчүн дээрлик 20 жылдык убакыт сарпталган.

Жергиликтүү валютага ишеним натыйжасына дароо эле жетишилбейт. Демек буга валюта кеңеши таасир этеби же жокпу, ага баа берүү да алда канча кыйын. Валюта режимине кирбеген коңшу Румынияда чет өлкө валютасында жыйымды азайтуу процесси 20 жылга созулган.

Ишенимдин жандануусу эки өлкөдө тең орун алган валюта кеңеши же түзүмдүк реформалар аркылуу камсыз кылынганбы же жокпу муну айтуу кыйын. Ошентип инфляция же валюталык коллапс же борбордук банктын пруденциалдык эмес кайра каржылоо саясаты – валюта кеңеши режимин киргизүү аркылуу чечилүүгө тийиш болгон негизги проблемадан болуп саналат.

Бүгүнкү күндө бактыга жараша, Кыргызстанда жогоруда аталган көйгөйлөр жок. Ал эми демилгеленип жаткан валюта кеңешин киргизүү өлкөдө орун алып жаткан экономикалык проблемаларды чече алабы муну айтуу кыйын.

Борбордук банктын акыркы инстанция кредитору милдетин аткарбашы валютаны жөнгө салуудагы эң олуттуу тоскоолдук. Бул борбордук банк каатчылык келип чыккан шартта, жергиликтүү финансы системасынын ликвиддүүлүгүн колдой албайт дегенди билдирет. Буга финансылык резерв түзүү аркылуу гана жетишүүгө болот. Мындай шартта Өкмөт кошумча резервдик каражаттарга ээ болууга же каатчылык учурунда колдонулушу ыктымал болгон “тыныгуудагы” каражаттар системада ликвиддүүлүктү камсыз кылуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Бирок ушунун өзү Өкмөт мындай каражаттарды сактап калуу үчүн тышкы карызды көбөйтүүгө тийиш дегендикти билдирет. Мындай фонд борбордук банктын резерв валютасында катталган алмашуу курсунун 100%ынан көбүрөөк суммадагы баштапкы резервинин бөлүгү да болуп калышы мүмкүн. Акча базасынын мына ушундай кошумча ордун жабуу банк тутумунда ликвиддүүлүктүн мына ушундай буфери үчүн гана колдонулушу мүмкүн.

Тилекке каршы, жогоруда белгилегендердин бардыгы акыркы инстанция кредитору катары иш алып баруу ийкемдүүлүгүн чектеп, фискалдык резервди колдоо үчүн мамлекеттик карыздын өсүшүн шарттап, ошондой эле ликвиддүүлүк буфери үчүн кошумча резервди камсыздоо максатында каттоо учурунда улуттук валюта курсунун баштапкы төмөндөшүн түшүндүрөт.

Валюта режими эрежедегидей эле тартиптин сакталышы эффектисине ээ. Анткени бюджет тартыштыгы менен кылдат иш алып баруу талап кылынат.

Тышкы таасирлерге дароо чара көрүүнүн жоктугу валютаны тескөө режиминдеги эң олуттуу тоскоолдук. Мисалы, ушул режимге таянуу менен иш алып барган өлкө резервдик валюта өлкөсүнүн акча саясатына таянат. Бул 2000-жылы экономикасы рецессияны башынан кечирип турган учурунда Америка Кошмо Штаты акча-кредит саясатын татаалдаштырган Аргентинага мүнөздүү проблема.

Соода боюнча негизги өнөктөштөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүү же рыноктук девальвациясы – тышкы таасирлерден улам келип чыккан башка бир көйгөй. Бул жергиликтүү валюта соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына карата айкын түрдө бааланат дегендикти билдирет. Ошондуктан алардын девальвацияланышы экспорттун чектелишине алып келет. Экспорт жана сырттан карыз алуулар жергиликтүү валютадагы акча массасын көбөйтүү максатында жергиликтүү рынокто сатылышы мүмкүн болгон чет өлкө валютасы булагынын бири болгондуктан, жагдайдын мына ушул багытта өөрчүшүвалюта тартыштыгына алып келет. Биз девальвация атаандаштыгы жана валюталардын каршылашуусу шартында жашап келебиз. Ошондуктан өлкөнүн тышкы соодасы эң оболу резерв валютасына таасир эткендиктен, бул тышкы сооданын үзгүлтүккө учурашын шарттайт.

Бул Россия жана Казакстан соода боюнча негизги өнөктөш өлкө экендигинен улам, алардын валютасынын нарксызданышы шартында Кыргызстанда орун алышы ыктымал болгон жагдай болуп саналат. Ички дүң өнүмдүн түзүмүндө айыл чарба сектору 30 дан, өнөр жай сектору 40 дан көбүрөөктү түзгөн Кыргызстан Россиядагы жана Казакстандагы девальвациядан кийин терең рецессияга дуушар болушу ыктымал. Анткени валюта кеңеши шартында негизги өлкөлөрдүн валюталарынын өзгөрүлүп турушу шартында жергиликтүү валютаны жөнгө салуу мүмкүн эмес. Бул өтө кооптуу процесс, анткени Балтика өлкөлөрүндө түптөлгөн мындай жагдай жаштардын 30 га жакынынын эмиграцияланышына алып келген.

Узак мөөнөткө алып караганда, валюта кеңешинен чыгуу стратегиясы анын маанилүү бөлүгүнөн. Балтика боюндагы өлкөлөрдүн жана Болгариянын евро аймагына кирүү үчүн алдын ала аныкталган жолду басып өтүшү валюта кеңешинен табигый жол менен чыгуунун далили. Ал эми Кыргызстан үчүн валюта кеңешинен чыгуунун кандайдыр бир жолун алдын ала аныктоо мүмкүн эмес.

Акырында келип валюта кеңеши проблемалуу кредиттерди чече албайт деген корутунду чыгарууга болот. Анткени ал финансылык жана фискалдык органдардын макро-пруденциалдык ыкмада иш алып баруусун талап кылат. Кыргызстанда валюта комитети режимин киргизүү менен проблемалуу кредиттерге байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү – бул негизсиз куру кыял гана...

• Улуу Жеңиштин 71 жылдыгына карата

## СОГУШ БОЛБОСУН

Дүйнө жаралгандан бери 1400гө жакын согуш болуп, анда 3,5 миллиард адам курман болгону тууралуу маалымат бар. Ал эми майда билинбеген чыр-чатак согуштарда канчалаган адамдар жок болду экен. 1941-жылы 22-июнда элдер күнүмдүк жумуштарын бүтүп мемиреген уйкуда жатканда, таңкы саат төрттөрдө Фашисттик Германия тынч жаткан совет элине капыстан кол салды. СССРге кол салуу боюнча Германиянын бул планы «Барбаросса» деп аталып, аны 1940-жылдын 18-декабрында Гитлер бекиткен. Ал план боюнча Советтер Союзуна чагылгандай тез кол салып, 4-5 ай ичинде жеңишке жетишмек болчу. Бирок согуш 1418 күнгө созулду. Фашисттер 1-күнү 1200 советтик учакты жок кылышкан. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондордун санын 1946-жылы СССРдин мамлекет башчысы Иосиф Сталин 7 миллион десе, 1961-жылы Никита Хрущев 20 миллион адам деп атаган. Ал эми 1988-1993-жылдары аскердик тарыхчылардын иликтөөсү боюнча 27 миллион адам жок болгондугу аныкталган. Согушка Кыргызстандан эле 360 миңдей адам катышып, 150 миңдейи курман болгон. Алардын ичинен 5000дей жоокердин ушу кезге чейин дайыны чыга элек. Мындан туура 71 жыл жыл мурда кандуу Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктап, фашисттик баскынчылар талкаланган. Ошондон бери элибиз жыл сайын улуу жеңишти майрамдап келет. Биз азыркы тынчтыкта жашап жаткан күндү аталарыбыз төштөрүн окко тосуп жүрүп алып келди. Алардын эмгектери баа жеткис. Аларды түбөлүккө эскерүүбүз керек. Тилекке каршы Улуу Ата Мекендик согушка катышып эл-жер, мекен үчүн жанын аябай согушуп келген ардагер аталарыбыздын катары жыл сайын суюлуп баратат. Кочкор районунда 2012-жылы алардын саны 18 болсо, 2013-жылы 13, 2014-жылы 10 адам, 2015-жылы 9 адам калса, быйылкы жылы 6 согуш ардагери калган. Алар Кочкор айылынан кенже лейтанант Аликеев Ажаткан, катардагы жоокерлер Кош-Дөбө айыл өкмөтүнөн Акматов Токтомуш, Теңдик айылынан Акматов Жумадил, Туз айылынан Жапаров Касымкул, Теңдик айылынан Исабаев Нуркожо, Орток айылынан Акматов Самадин аксакалдар…

Аликеев Ажаткан 1920-жылы Ак-Кыя айылына караштуу Кара-Дөбө айылында туулган. Анын атасы Алыке Ормонхандын кеңешчиси Куттуксейит уулу Шамендин уулу болгон үчүн өз учурунда жогорку билим ала алган эмес. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталган кезде өзүнүн тыңдыгынан кыргыз атчандар полкунда саясий бөлүктүн орун басары болуп турган. 1942-жылы март айында согуш күчөй баштаганда Ажаткан Чкалов, азыркы Оренбург шаарындагы алты айлык аскердик окууга кирет. Бул окуудан кырк жигит окуган. Ал жерден чин алууга үлгүрө электе, толуктоочу кошумча полкко жөө аскер катары жөнөтүлөт. 1942-жылы Калинин фронтунда «Великий Лук» деген жерде бөлүкчөнүн командири катары кызмат өтөй баштады. Ушул эле жылдын 22-декабрында фашисттик аскерлер менен жан аябай кармашууда оор жарадар болду. Аны госпиталга жеткиришти. Ак халатчандар жакшы карап, дарыланып чыккандан кийин 1-Прибалтика фронтуна жөнөтүлдү. Бул жерде 820-аткычтар полкунда взводдун командири болуп, Белоруссиянын Гомель, Витебск шаарларын бошотууда көптөгөн эрдиктерди көргөзгөн.

1944-жылы 3-январда кандуу кармашта кайрадан оор жарадар болгон. Дарыланып чыккан соң Ага лейтенант чини менен 3-топтогу майып катары туулуп өскөн айылына кайтты. Келгенден соң Төлөк совхозунда профсоюз уюмунун төрагасы, андан кийин Лахол совхозунда профсоюз уюмуна төрага, Ысык-Көл облусундагы Талды-Сууда РайПОго, Түп менен Талды-Суу райондору кошулган кезде Райпотребсоюзга төрага кызматын аркалап келген. Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн каармандыктары үчүн «Кызыл Жылдыз» ордени, «Жуков», «За отвагу» юблейлик медалдары менен сыйланган. Аликеев Ажаткан жыл сайын Улуу Жеңиш күнүндө өткөн согуш күндөрүн эскерип, эч качан анын кайталанбасын тилек кылып келет.

Биз канчалык аталардын өмүрүн тилеген менен бир кезде 9-майды согуш ардагерлерисиз тосуучу күн келет. Ошол мезгилге чейин азыркы жашоону бизге камсыз кылган аз сандагы ардагер аталарыбызды эскерген менен көзүнүн тирүүсүндөгүдөй болбос… Мамлекетибиз 2010-жылы 7-апрелде, Ош окуясында курман болгондорго миллиондогон каражаттарды сарптап жакшы иш кылды. Эми өтө эле аз сандагы согуш ардагерлерине да мындан да жакшыраак көңүл бурушса…

**Майрамбек ДЕРКЕНБАЕВ**
**Кочкор району**